## ПРЕЗИДЕНТТИН ТАЛАБЫ

***Президент Сооронбай Жээнбеков кечээ, 28-майда Жогорку соттун төрайымы Гүлбара Калиева менен жолугушту.***

Жогорку соттун төрайымы Гүлбара Калиева жергиликтүү соттордун ишмердүүлүгүн оптималдаштыруу максатында судьяларды ротациялоо жана айрым соттордо судьянын жардамчысы кызматтарын кыскартуу боюнча маалымат берди. Мындан тышкары, жолугушууда сот системасын санариптештирүүнүн жүрүшү талкууланды.

Президент Сооронбай Жээнбеков коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу түзүлгөн кырдаал соттордун сот жыйындарын аралыктан өткөрүүгө толук даяр эместигин көрсөткөнүн баса белгиледи жана судьялардын ишинин сапатын жакшыртуу жана жогорулатуу боюнча чараларды күчөтүүгө чакырды.

## ЖЕҢИШ ПАРАДЫ

***24-июнда Москвада Жеңиштин 75 жылдыгына арналган аскердик парад өтөт деп жарыялады Россиянын Президенти Владимир Путин. 1945-жылы бул күнү Кызыл аянтта советтик аскерлердин тарыхый парады өткөн. Парадга Президент Сооронбай Жээнбеков да катышат.***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин Too

№41 (3113)

WWW.ERKINTOO.KG

Жума, 2020-жылдын 29-майы


# БАЛАЛЫКТЫН АСМАНЫ

***1-июнда балдарды коргоонун эл аралык күнү жетимишинчи ирет белгиленет. Учурда дүйнөдө 2,8 миллиардга жакын бала бар. Үстүбүздөгү жылдын алгачкы 5 айында 65 миллионго жакын наристе жарык дүйнөгө келди.***

6-БЕТТЕ

***Өзбекстанда +40...+42, чөлдүү аймактарында +44 гардуска чейинки аптап өкүм сүрүүдө. Ал эми Кыргызстанда 29-майда абанын температурасы +31...+33 градуска чейин ысыйт.***

## МЕКЕН ЧЕК АРАДАН БАШТАЛАТ

***28-майда белгиленген Чек ара аскерлеринин күнүнө байланыштуу Мекен сакчыларын Мамлекет башчысы Сооронбай Жээнбеков куттуктады.***

2-БЕТТЕ

## ЯПОНИЯНЫН ЭШИГИ ЖАБЫК

***Япониянын өкмөтү коронавируска байланыштуу кирүүгө тыюу салынган өлкөлөрдүн тизмесин кеңейтти – алардын катарына Кыргызстан да кошулду.***

## ПАНДЕМИЯ БАЙЛАРДЫ ДАГЫ БАЙЫТТЫ

**Коронавирус пандемиясы дүйнөлүк байлардын мурдагыдан да байуусуна жардам берди. Forbes журналы акыркы эки айда алдыңкы саптагы 25 миллиардердин жалпы байлыгы 255 миллиард долларга өскөндүгүн маалымдады. Баарынан көп акчаны Facebooktун негиздөөчүсү Марк Цукерберг (31,4 млрд доллар) тапты.**

# АТА МЕКЕНДИК ФАРМАЦЕВТИКАЛЫК ӨНӨР ЖАЙДЫН ЖАКШЫ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ БАР

***26-майда Президент Сооронбай Жээнбеков Чүй облусуна болгон иш сапарынын алкагында өлкө аймагында коронавирус инфекциясынын жайылуу шартында фармацевтикалык ишкананын ишмердүүлүгү менен таанышып чыкты.***

Сокулук районунда жайгашкан «Биовит» фармацевтикалык заводу дары-дармектер жана биологиялык активдүү тамакаш кошулмаларынын катарында коронавирус инфекциясына каршы күрөшүүдө маанилүү болуп саналган иммунитетти көтөрүүчү каражаттарды да өндүрөт. Өндүрүш цехтеринен сырткары, дары-дармектердин сапатын көзөмөлдөөчү эл аралык стандарттарга ылайык аккредиттелген, Япония, Германия, Американын жабдуулары менен жабдылган заманбап лабораториясы бар. Заводдо 104 кызматкер эмгектенет. Продукция ички рынокто сырткары КМШ, Европа өлкөлөрүнө жана АКШга экспортко чыгарылат. Ишкананын өндүрүштүк кубаттуулугу жылына 500 млн таблетка, 100 млн капсула, 50 млн порошок жана гранул, 5 млн сироп жана суспензияны түзөт. Жакын арада Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду тарабынан заводдун өндүрүш кубаттуулугун кеңейтүүгө каржы бөлүнөт. Ишкананын жетекчиси заводдо өндүрүлгөн дары-дармектердин бири коронавирус инфекциясына каршы дарылоодо колдонулаарын айтты.

Ишкананын ишин көрүп чыккан Президент Сооронбай Жээнбеков бул заводдун ишмердүүлүгүнүн мисалында ата мекендик фармацевтикалык өнөр жайдын жакшы мүмкүнчүлүгү бар экендигин канааттануу менен белгиледи. Өлкөнүн жергиликтүү бийлиги менен каржы институттарын аталган ишкананын заводду кеңейтүү, ички рынокту жана продукцияны экспорттоонун географиясын камтуу пландарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүүгө чакырды. Анткени, ишканада дары-дармектердин тышкы рынокторунда татыктуу атаандашууга жана ата мекендик фармацевтикалык брендди жайылтууга жакшы шарт пайда болот.

Мамлекет башчысы Сооронбай Жээнбеков ишке болгон дал ушундай мамиле жакшы натыйжаларды алып келээрин белгилеп, өз иштерине берилгендиги үчүн заводдун жетекчилерине жана эмгек жамаатына ыраазычылык билдирди.

## ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫНДА ЧЕК АРАЧЫЛАРЫБЫЗ КӨПТӨГӨН ЭРДИКТЕРДИ КӨРСӨТКӨН

***Президент Сооронбай Жээнбеков 28-майда чек арачыларды кесиптик майрамы — Кыргыз Республикасынын Чек арачылар күнү менен куттуктады.***

Куттуктоодо:

«Өлкөбүздүн сырткы чегин ишенимдүү кайтарып, чек арабыздын коопсуздугун камсыз кылуу менен сиздер элибиздин урматтоосуна ээ болуп жатасыздар. Эгемендүү Кыргызстандын тарыхында чек арачыларыбыз көптөгөн эрдиктерди жана каармандыктарды көрсөткөн. Жергебиздин кол тийбестигине жана калкыбыздын коопсуздугуна кепил болуп, Чек ара кызматы Мекенибиздин бекем калканы болуп келүүдө. Чек арачылар патриоттуулукка, ар намыска, берген антка негизделген ардагерлердин мыкты салттарын сактап, улантат деп ишенем.

Сиздерге чың ден соолук, бекем кайрат, ийгиликтүү кызмат өтөөнү каалайм!», - деп айтылат.

## КЫРГЫЗСТАН ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАЗА АЗЫКТАРЫ МЕНЕН ТАТЫКТУУ АТААНДАШ БОЛО АЛАТ

***Иш сапарын андан ары улаган Президент Сооронбай Жээнбеков Москва районундагы чанактуу дан өсүмдүктөрүн кайра иштетүү жана сатуу менен алектенген «Дан Агропродукт» ЖЧКсынын ишмердүүлүгү менен таанышты.***

Ишкана өндүргөн продукциянын чоң бөлүгү ЕАЭБ өлкөлөрү менен алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө экспортко кетет. Компаниянын даярдоочу базасы Талас облусунда жайгашкан. «Дан Агропродукт» ЖЧКсы 100дөн ашык адамды жумуш орду менен камсыздайт. 2000ден ашык дыйкан чарбасы, фермерлер техникалык жана кеңеш берүү жагынан колдоо алышып, Чүй, Ысык-Көл, Талас жана Нарын облустарында чанактуу дан өсүмдүктөрүн өстүрүүгө катышат. Мындан сырткары, продукциянын сапатына баа берүү боюнча өндүрүштүк лабораториясы бар.

Президент Сооронбай Жээнбеков ишкананын кызматкерлери менен баарлашып Кыргызстан экологиялык таза өнүмдөрү менен айыл чарба тармагында өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн сарамжалдуу пайдалануу аркылуу татыктуу атаандаш боло аларын баса белгиледи.

«Кыргызстандын айыл чарба продукциялары жаатында алдыңкы өлкөлөр менен атаандашуусунда бардык мүмкүнчүлүктөрү бар болгондуктан, биз кайра иштетүү өнөр жайына чоң көңүл буруп жатабыз», — деген Сооронбай Жээнбеков, региондорду өнүктүрүүнүн мамлекеттик саясатынын алкагында экспорттук мүмкүнчүлүктү кеңейтүү өлкөнүн артыкчылыктуу багыты болуп кала берээрин айтты.

## ПРЕМЬЕР-МИНИСТР КЫСКА МӨӨНӨТТҮҮ ЭМГЕК ӨРГҮҮСҮНӨ ЧЫКТЫ

***27-майда Премьер-министр Мухаммедкалый Абылгазиев вице-премьер-министрлердин катышуусунда жумушчу кеңешме өткөрдү.***

Кеңешмеде Мухаммедкалый Абылгазиев Өкмөт дайыма ачык-айкын иштөөгө умтулаарын белгилеп, «Бирок Жогорку Кеңеште Өкмөттүн жана Премьер-министрдин дарегине радиожыштык ресурстарын узартуу жана аны кайра каттоого тийиштүү кылмыш ишине байланыштуу сын-пикир жана күнөөлүү эместигимди далилдөө чакырыгы айтылды. Мен мамлекеттин экономикалык кызыкчылыктарын сактоону жана жыштыктарды ачык аукциондо сатууну, ошондой эле мыйзам талаптарына жооп бербеген ээлердин лицензияларын алууну колдоп келгендигимди баса белгилеп кетким келет. Бул туурасында мен Жогорку Кеңештин жыйынында да айткам. Дагы бир жолу билдирем, териштирилип жаткан ишке менин эч кандай тиешем жок жана бул маселени саясатташтырбоо керек деп эсептейм. Укук коргоо органдары объективдүү жана ар тараптуу тергөө жүргүзүп, күнөөлүүлөр жоопкерчиликке тартылууга тийиш. Бирок тергөөгө кандайдыр бир кысым көрсөтүүлөр боюнча айыптоолордон алыс болуу үчүн, ошондой эле аны калыс жүргүзүү максатында кыска мөөнөттүү эмгек өргүүсүн алууну зарыл деп эсептейм», - деп белгиледи Мухаммедкалый Абылгазиев.

Премьер-министр Мухаммедкалый Абылгазиев биринчи вице-премьер-министр Кубатбек Бороновго өргүү учурунда Өкмөттүн ишин координациялоону жана мамлекеттик органдардын туруктуу иштөөсүн камсыздоону тапшырды.

## ТӨРАГАЛАР ТЕЛЕФОН АРКЫЛУУ ТАЛКУУЛАШТЫ

***28-майда Жогорку Кеңештин Төрагасы Дастанбек Жумабеков Түркия Республикасынын Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы Мустафа Шентоп менен телефон аркылуу сүйлөштү.***

Парламент төрагалары кыргыз-түрк алакасына жана парламенттер аралык кызматташтыкка, анын ичинен Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик ассамблеясынын алкагындагы байланыштарга тиешелүү маселелерди талкуулашты. Ошондой эле коронавирус илдетинин жайылышына каршы күрөшүү көйгөйлөрүнө да токтолушуп, пандемия шартында тыгыз кызматташтыктын маанилүүлүгүн белгилешти.

## COVID-19 ЖУКТУРУУ ТОБОКЕЛДИГИ БИШКЕКТЕ ЖОГОРУЛАП ЖАТАТ

***Бул тууралуу 28-майда Республикалык ыкчам штаб борборунун жыйынында белгиленди. Анда борбор, Чүй жана Нарын облустарындагы эпидемиологиялык кырдаал талкууланды.***

Тилекке каршы борбор калаада коронавируска кабылгандар менен түз байланышта болгондугу аныкталбаган жактардын инфекцияны жуктургандыгы катталууда. Ар бир учур боюнча эпидемиологиялык териштирүү жүргүзүлүүдө.

«Кайдан жана качан жугузганын билбей, вирустун белгилери бар болгондуктан медициналык мекемелерге өздөрү кайрылган фактылар көп кездешүүдө. Бул жуктуруу очогунун кеңейип жатканын күбөлөндүрөт. Санитардык талаптар, үй карантини, обсервация режими жана башка бекитилген ченемдер катуу сакталышы үчүн коопсуздук чараларын күчөтүү зарыл. Шалаакылык үчүн ар ким жооптуу экендигин эсиңерден чыгарбагыла. Кырдаалды көзөмөлдөн чыгарбоо керек, инфекцияны жуктуруунун күтүүсүз күчөшүнө жол бербөө зарыл. Коомдук жайларда, коомдук унааларда, адамдар көп топтолгон жерлерде жарандар жеке коопсуздугу үчүн беткап тагынууга тийиш», - деди биринчи вице-премьер-министр Кубатбек Боронов.

Ал Өкмөттүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө тармактык мамлекеттик органдар менен биргеликте санитардык-эпидемиологиялык ченемдерди жана тигил же бул аймактагы эпидемиологиялык абалды эске алуу менен алдыдагы туристтик сезондун бардык маселелерин иштеп чыгуу зарылдыгын кошумчалады.

Жыйындын жүрүшүндө белгиленгендей, COVID-19 менен күрөшүүгө тартылган медицина кызматкерлерине эмгек акы жана компенсацияларды төлөө өз убагында жана эч бир кечиктирүүсүз жүргүзүлөт.

**Даярдаган**
**Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

■ Жаратмандыктын 2 жылы

# БАРДЫК ЖОЛДОР ӨНҮГҮҮГӨ АЛЫП БАРАТ



***Экономиканын өзү өнөр жайы, айыл чарбасы, соода, транспорт жана курулуштан турса, булардын баарын байланыштырып, кыймылга келтирип турган жолдор экендигинде талаш жок. Мына ушул себептен жолдор экономиканын күрөө тамыры деп айтылат. Ошон үчүн кайсы гана өлкө болбосун жол же транспорттук система экономиканын өнүгүшү жана калктын турмуш-тиричилиги үчүн маанилүү роль ойнойт. Чындыгында жолдор экономиканын маанилүү көрсөткүчү гана болбостон, элдин жашоо деңгээлинин же цивилизациянын да көрсөткүчү десем жаңылышпайм. Экономиканын өнүгүшү бизнестин өнүгүшүнө байланыштуу деп айткандан тажабайбыз. Бирок жолдору жасалбаган түпкүргө бизнестин барышы күмөн. Транспорттук-коммуникациялык система болбосо өндүрүлгөн продукцияны сатуу кыйын нерсе. Техника эбегейсиз өнүккөн азыркы шартта да жүк ташуу автотранспортунун актуалдуулугу кемиген жок. Азыр чоң салмактагы жүктөрдү ташуучу автоунаалардын түрү көп жана анын кызматын пайдалануунга суроо-талаптын актуалдуулугу эч басаңдаган жок жана келечекте да басаңдабайт. Бирок алардын экономикалык натыйжалуулугу сөзсүз түрдө жолдорубузга көз каранды.***





Акыркы жылдарда өлкөбүздүн туш-тарабында кыйма-чийме жолдорду куруп же ремонттоо иштерине чоң көңүл бөлүнүүдө. Президент Сооронбай Жээнбековдун аймактарды өнүктүрүү саясатынын алкагында аймактар ортосундагы магистралдык жолдорду гана эмес, ички жолдорду оңдоп-түздөө, асфальт төшөө иштери жасалууда. Айыл жерине барганда кадыресе эле жолдор оңолуп баштаганы байкалып калды. Бул айыл жеринин көркүн чыгарып, элге ыңгайлуулук гана жаратпастан, бизнестин өнүгүшүнө да таасирин тийгизбей койбойт. Ушул жерден айыл жеринде айдоо аянттарына алып барчу жолдорго да жергиликтүү бийликтин көңүлүн бурууга мезгил жетти дээр элем. Азыр айдоо аянттарыбыз бүт элге үлүшкө берилген. Учурда талааларга барып үлүш жерин иштетпеген бир да үй-бүлө жок, мугалим же дарыгер болобу жер иштетип кошумча киреше тапканга аракеттенишет. Илгери колхоз-совхоздордун учурунда талаага иштегендерди чарба атайын техника бөлүп, ташуучу жана алыскы талааларга чейин таш жолдор салынып калган. Азыр айылдык дыйкандардын бир көйгөйү ушул талаа жолдору экенин өз жон-терим менен билгенимден айтып жатам. Жолдордун таптакыр тосулуп бүткөнүнөн дыйкандын айдоо жерине жетиши азап. Азыр ар бир үй-бүлөдө жеңил машина бар, бирок аны менен талаага жете албайсың, баткака тыгыласың же машинаңды талкалайсың. Талаа жолдоруна асфальт салуу балким келечектин иши чыгар, бирок азыр туташ болбосо да машина жүрө албаган жерлерге таш төгүп тегиздеп коюу көп деле каражатты талап кылбайт. Жолуң жакшы болсо каалаган учурда жериңе барып иштеп, чөбүн тазалап, жакшы караганга шарт түзүлөт. Такси жалдасаң да шыр барып ишиңди бүткөрөсүң. Мен айдоо аянттарына алып барчу жолдорду оңдоо түшүмдүн көлөмүнүн көбөйүшүнө өбөлгө боло алат деп тартынбай эле айта алам. Мисалы, мен өзүмдүн төө буурчагыма барып өз колум менен чөбүн жулуп, бат-бат өсүү процессин көрүп ошого жараша чараларды көргүм келет. Бирок талаага жетишим азап, такси жолдун азабынан барбайт же барса да эки эсе көп акча талап кылат. Анан ал алып барып талаага таштайт деп коёлу, бирок кечинде үйгө кайтканда кайра дагы жанагы акчаны төлөшүм керек. Бир эле жолу барсаң эчтеке эмес, а дыйкан талаасын жакшы карагысы келсе күн сайын барышка туура келет. Анан мындай чыгашаны ким көтөрөт? Мына ошондуктан көпчүлүк айдоо жерлерин чөп басышы жана убагында сугарылбай, жер семирткич же дары берилбей калышы түшүмдүн азайышына алып келүүдө. Бул айрымдарга маанисиз сезилиши мүмкүн, ошентсе да келечекте бул айыл жеринин жана экономиканын өнүгүүсүнүн бир көрсөткүчү боло алат. Эгерде жергиликтүү бийлик бул ишти колго алса ошол эле дыйкандардын өзүлөрүнүн жарым-жартылай катышуусу менен эле чечүүгө неге болбосун? Ал үчүн айыл өкмөт башчысынын эрки жана каалоосу, эл менен иштеше билген ийкемдүүлүгү гана керек. Андыктан Мамлекет башчысынын аймактардагы ички жолдорду оңдоо тапшырмасы бул багытты да камтышы керек деп ойлойм.

Ал эми облустар ортосундагы байланышты жакындаткан Түндүк-Түштүк альтернативалык жолунун курулушу экономикабыз үчүн да, калктын өз ара байланышы жана ынтымагы үчүн да эбегейсиз чоң маанаге ээ. 2019-жылдын аягына карата бул жолдун биринчи фазасы 75,9%га, ал эми экинчи фазасы 84,5 пайызга курулуп бүттү. Түндүк-Түштүк жолунун курулушу 3 фазадан турат. Биринчи фазасынын курулушунда 160 чакырымдык жол курулушу керек. Мында Көк-Арт ашуусунан өтүүчү дээрлик 4 чакырымга созулчу тоннель курулушу да бар. Ошондой эле бул долбоор боюнча мурда киши буту баспаган жерлерге да жүздөгөн чакырымдарга созулчу жаңы жолдор курулат. Туурасы 20 метр болуп төрт тилкеден турган жаңы жолдун узундугу 433 чакырымды түзүп, Түштүк менен Түндүктүн байланышын жүздөгөн чакырымга жакындатат. Курулушту 2023-жылы аягына чыгаруу пландалууда.

Кыргызстанда жаңы жолдорду куруу жана пайдаланылып жаткан жолдорду заманбап оңдоп-түзөө менен өлкөнүн транзиттик мүмкүнчүлүгүн арттыруу мамлекеттик саясаттын маанилүү багыты болуп калды. Акыркы 2 жылдагы аткарылган иштерди камтыган “Жаратмандык жылдар” китебинде стратегиялык мааниси бар жолдорду курууга чоң маани берилип жатканы белгиленген. Келечектеги мааниси эске алынып, «Түндүк-Түштүк» альтернатива жолунун курулуш иштери 2018-2019-жылдары активдештирилди. Бишкек – Нарын – Торугарт автожолунун курулуш иштери толук бүттү. Суусамыр –Талас – Тараз жолунун 3-фазасынын курулуш иштери аяктап жатат. «Бишкек – Ош» жолунун – «Кара-Балта – Бишкек» жана «Маданият – Жалал-Абад» участокторун оңдоо иштери улантылууда. «Ош – Исфана – Баткен» жолунун Исфанадан Карагачка чейинки «Баткен – Кызыл-Бел», «Баткен – Төрткүл», «Исфана – Карагач» участоктору бүттү. Көк-Талаа – Пүлгөн, Пүлгөн – Бүргөндү – Жаңы-Жер, Жаңы-Жер – Баткен – Исфана жолдорунун курулушу 11 млрд 203 млн сомго бүткөрүлүп, транспорт каттай баштады.

Президенттин тапшырмасы боюнча республиканын ар бир районунда 3 чакырым жолду асфальттоо иштеринин алкагында республикалык бюджеттен бөлүнгөн 1,8 млрд сомго 168 чакырым жолго асфальт төшөлдү. 2018-жылы республика боюнча 251,3 чакырым жолго асфальт салынып, 12 көпүрө курулган. Ал эми 2019-жылы республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен жана эл аралык уюмдардын колдоосу менен региондордо 515 чакырым жолдор асфальтталып, 246 чакырым ички жолдорго шагыл төшөлгөн. Жалпы республика боюнча эки жылда 761 чакырым эл аралык, республикалык жана жергиликтүү маанидеги жолдор курулду. 8 көпүрө салынды. Өлкөнүн түштүгүндөгү «Каратай», «Жан-Арык» жана «Көк-Талаа» көзөмөл-өткөрмө пункттарында, түндүктөгү «Чалдыбар», «Ак-Тилек» жана «Чоң-Капка» көзөмөл-өткөрмө пункттарында оор жүк ташыган автомашиналарды таразага тартуу үчүн атайын жабдуулар орнотулду. Жалпы суммасы 4 млн долларга 50гө жакын жол-эксплуатациялык атайын техникалар сатылып алынды.

Азыркы учурда Тараз – Талас – Суусамыр жолунун 4-фазасын каржылоо боюнча сүйлөшүүлөр жүрүүдө. Ошондой эле Ысык-Көлдү айланма жолду долбоорлоо иштери жүрүп жатат. Бул жол курулса туризмдин өнүгүшү үчүн чоң мүмкүнчүлүк ачат. Түп – Кеген жолу да 2024-жылы курулуп бүтүшү күтүлүүдө. Бул жолдордун баары бизди өнүгүүгө алып барчу жолдор экендигинде калет жок.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

■ Ооруну жеңил ойлобо!

# КОРОНАВИРУСТУН КЕЙИШТҮҮ КЕСЕПЕТТЕРИ КӨП

***“Коронавирустун белгилери байкалган учурда өз алдынча дарылануага болбойт”, - деп айтты өлкөбүздүн саламаттыкты сактоо министринин орун басары Нурболот Үсөнбаев 27-майда өкмөт үйүндө өткөн брифинг учурунда. Дарылануу кечеңдетүү, врач дайындабаган дарыларды өз алдынча кабыл алуу ар кандай оорлошууларга алып келиши мүмкүн. “Вирустун белгилери сезилээр менен врачка кайрылуу керек, анткени коронавирус кейиштүү кесепеттерге алып келет”, - деди Н.Үсөнбаев.***

Ал эми COVID-19 менен ооруп айыккан адамдар биринчи кезекте өпкө, бөйрөк, мээ сыяктуу негизги органдарды кайрадан кылдат текшертүүсү зарыл. Мындай пикирин Джорж Мейсон атындагы университеттин (АКШ) профессору, биология илимдеринин доктору Анча Баранова 27-майда РИА “Новостиге” билдирди. Биологдун айтымында, COVID-19 бөйрөккө таасир берет. Вирус жукканда мээнин борбордук жана перифериялык нервдери да жабыркайт. Коронавирустан кийин адамдардын эс тутуму начарлап, баш оору пайда болот.

Коронавирус айыгып чыкты деген бейтаптардан бир нече жумадан кийин кайрадан аныкталышы мүмкүн деп жазды германиялык Focus журналы. Мындай учур кытайлык Лоуди шаарындагы клиникалардын биринде расмий түрдө айыкты деген эки бейтаптан аныкталган. Ушундан кийин кытайлык дарыгерлер ооруканадан чыгарылган башка 58 бейтапты изилдөөгө алышып, жыйынтыгында алардын онунан да вирус табылган.

Чектөө чараларын чукулунан бошоңдотуу коронавирус инфекциясынын экинчи эпкинин жаратуусу мүмкүн. Мындай пикирин аптанын дүйшөмбүсүндө БСУнун өзгөчө кырдаалдар боюнча бөлүмүнүн башчысы Майу Райан билдиргендиги Daily Mail гезити маалымдады. Доктор Райан дүйнө коронавирустун биринчи толкунунун ортосунда тургандыгын жана анын таралуу деңгээли кайрадан тездик менен өсүп кетиши, бир нече айдан кийин эпидемиянын экинчи толкуну кайталанышы мүмкүн экендигин эскертти.

Кошумчаласак, 28-майга карата дүйнөдө коронавирус жуккандардын катары 101 858 адамга көбөйүп, жалпы эсеби 5 691 790 адамга, алардын ичинен көз жумгандары 355 629 адамга жетти. Джонс Хопкинс университети жарыялаган акыркы маалыматтар боюнча АКШда COVID-19 вирусунан каза тапкандардын саны 100 047 адамды түздү. Ал эми өзгөчө кырдаал режими сакталып турган Кыргызстанда вирус жуккан жаңы 74 учур аныкталды, эсеп 1594кө чыкты. Ошондуктан, бийлик жарандарды тартипти сактоого чакырууда.

**Атай АЛТЫМЫШЕВ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 22-МАРТЫНДАГЫ №174 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН АЙРЫМ ТОВАРЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮН ТАШЫП ЧЫГУУГА (ЭКСПОРТТООГО) УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

# ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-мартындагы №174 «Кыргыз Республикасынан айрым товарлардын түрлөрүн ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) токтомдун аталышы «товарлардын түрлөрүн» деген сөздөрдөн кийин «Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен сыртка» деген сөздөр менен толукталсын;

- 1-пункту «жардамдан тышкары)» деген сөздөрдөн кийин «Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен сыртка» деген сөздөр менен толукталсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынан үчүнчү мамлекеттерге ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салынган айрым товарлардын түрлөрүнүн тизмегинде (мындан ары - Тизмек):

- Тизмектин аталышындагы «үчүнчү мамлекеттерге» деген сөздөр «Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен сыртка» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 5-пунктундагы «1902ден» деген сөз «1902*ден» деген сөз менен алмаштырылсын;

- 9-пунктундагы «2309дан» деген сөз «2309*дан» деген сез менен алмаштырылсын;

- 10-пунктундагы «Салфеткалар жана башка» деген сөздөр алып салынсын;

-10-пунктундагы «3401ден» деген сөз «3401 20 900 0**» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы эскертүү менен толукталсын: «Эскертүү:

(*) Кыргыз Республикасынан ЕАЭБ ТЭИ ТН 1902ден коду менен классификацияланган тез даярдалуучу кесмелерди жана ЕАЭБ ТЭИ ТН 2309дан коду менен классификацияланган башка тоют концентраттарын Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен сыртка ташып чыгуу (экспорттоо) төмөнкүлөрдүн негизинде ишке ашырылат:

- ташып чыгарылуучу товарлардын ар бир партиясына берилген ташып чыгуунун (экспорттоонун) максатка ылайыктуулугу тууралуу Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин корутундусунун;

- товардын Кыргыз Республикасынан өндүрүлгөндүгү жөнүндө сертификаттын;

(**) Кыргыз Республикасынан ЕАЭБ ТЭИ ТН 3401 20 900 0 коду менен классификацияланган бактерияларга каршы каражаттарды Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен сыртка ташып чыгаруу (экспорттоо) төмөнкүлөрдүн негизинде ишке ашырылат:

- ташып чыгарылуучу товарлардын ар бир партиясына берилген ташып чыгуунун (экспорттоонун) максатка ылайыктуулугу тууралуу Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин корутундусунун;

- товардын Кыргыз Республикасынан өндүрүлгөндүгү жөнүндө сертификаттын.».

**2.** Ушул токтом расмий жарыялануууга тийиш жана кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

***Бишкек шаары, 2020-жылдын 15-майы, №251***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫНЫН, ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДАРДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРДЫН ӨЗДҮГҮН КҮБӨЛӨНДҮРҮҮЧҮ ДОКУМЕНТТЕР МЕНЕН КАЛКТЫ КАМСЫЗДОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

# ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын укуктарын камсыздоо жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле калктын ден соолугун сактоо, Кыргыз Республикасынын аймагына коронавирустук инфекциянын (COVID-19) кирип кетишин алдын алуу жана жайылышына жол бербөө боюнча кечиктирилгис чараларды көрүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөрдүн колдонуу мөөнөтү убактылуу узартылсын:

1) Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жүргөн же барган жарандар үчүн 2020-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 30-декабрына чейин колдонуу мөөнөтү бүткөн Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту, 2020-жылдын 31-декабрына чейин;

2) Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жүргөн же барган жарандар үчүн 2020-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 30-декабрына чейин колдонуу мөөнөтү бүткөн Кыргыз Республикасынын жаранынын 2006-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспорту 2020-жылдын 31-декабрына чейин, Кыргыз Республикасынын 16 жашка чыга элек жаранынын паспортунан тышкары;

3) өзгөчө кырдаал жана/же өзгөчө абал режими киргизилген мезгилде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-декабрындагы №689 "Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо маселелери жөнүндө" токтому менен белгиленген чет өлкөлүк жаранды же жарандыгы жок адамды каттоо же каттоону узартуу.

Кыргыз Республикасынын аймагында өзүнүн болушун узартууну каалаган чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, Кыргыз Республикасынын аймагында же анын айрым жерлеринде өзгөчө кырдаал жана/же өзгөчө абал режими аяктаган күндөн тартып 10 (он) иш күндүн ичинде каттоону узартууга милдеттүү.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) колдонуу мөөнөтү узартылган жогоруда аталган паспортторду Кыргыз Республикасына кирүү (кайтып келүү) үчүн гана чет өлкөлүк мамлекеттик чек арадан өтүү максатында колдонууга боло тургандыгы;

2) Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жүргөн же барган Кыргыз Республикасынын жарандары, зарыл учурда, 2020-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 30-декабрына чейин колдонуу мөөнөтү бүткөн Кыргыз Республикасынын жаранынын 2006-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспортун 2020-жылдын 31-декабрына чейин колдонууну узартуу жөнүндө тиешелүү белгини койдуруу үчүн Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнө же консулдук мекемесине кайрыла алыша тургандыгы;

3) Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту менен документтештирилбеген адамдарды жалпы республикалык тест тапшырууга киргизүү туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн негизинде жүргүзүлө тургандыгы.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 27-июлундагы №557 "Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту жөнүндө жободо:

- 3-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Кыргыз Республикасынын аймагында же анын айрым жерлеринде өзгөчө кырдаал жана/же өзгөчө абал режими киргизилген учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү паспорттун колдонуу мөөнөтүн узартууга укуктуу.".

**4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 10-ноябрындагы №787 "Кыргыз Республикасынын жаранынын 2006-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспорту жөнүндө жобону, анын сүрөттөлүшүн жана үлгүсүн бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жаранынын 2006-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспорту жөнүндө жободо:

төмөнкүдөй мазмундагы $4^1$-пункт менен толукталсын:

"$4^1$. Кыргыз Республикасынын аймагында же анын айрым жерлеринде өзгөчө кырдаал жана/же өзгөчө абал режими киргизилген учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү паспорттун колдонуу мөөнөтүн узартууга укуктуу.";

- 12-пункту төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

"-Кыргыз Республикасынын жалпы жарандык паспортунун колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө белги.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жаранынын 2006-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспортунун сүрөттөлүшүндө:

- 5-пункту "барган өлкөнүн жашоого уруксат берген" деген сөздөрдөн кийин "Кыргыз Республикасынын жалпы жарандык паспортунун колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө" деген сөздөр менен толукталсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-декабрындагы №689 "Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо жөнүндө тартипте:

төмөнкүдөй мазмундагы $12^1$-пункт менен толукталсын:

"$12^1$. Кыргыз Республикасынын аймагында же анын айрым жерлеринде өзгөчө кырдаал жана/же өзгөчө абал режими киргизилген учурда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоонун колдонуу мөөнөтүн узартуу же каттоону узартуу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан сунушталган мөөнөттөр тышкы миграция чөйрөсүндөгү мыйзамдарга каршы келбеши керек.".

**6.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

1) туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн негизинде орто (толук) жалпы билим жөнүндө документтерди (аттестаттарды жана күбөлүктөрдү) берүү боюнча чараларды;

2) ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**7.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн, анын ичинен форс-мажордук кырдаалдарга байланыштуу көрүлгөн убактылуу чаралар жөнүндө чет мамлекеттерге билдирсин.

**8.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы:

1) ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн;

2) "Тышкы миграция жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөчө кырдаал жана/же өзгөчө абал режими киргизилген учурда Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандын жана жарандыгы жок адамдын мөөнөтү аяктаган убактылуу жана туруктуу жашап турууга уруксаттарынын колдонуу мөөнөтүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен узартуу бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө жана "Жарандык абалдын актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөчө кырдаал жана/же өзгөчө абал киргизилген мезгилде төрөлгөн балдарды каттоо мөөнөтүн узартуу бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын долбоорлорун иштеп чыксын жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизсин.

**9.** Ушул токтом расмий жарыялануууга тийиш жана 2020-жылдын 1-январынан тартып колдонулат.

**Премьер-министр** **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

***Бишкек шаары, 2020-жылдын 19-майы, №256***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2010-ЖЫЛДЫН 12-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №91 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ СТАНДАРТТАШТЫРУУ ЖАНА МЕТРОЛОГИЯ БОЮНЧА БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

# ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуунун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 12-февралындагы №91 "Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология боюнча борбору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология боюнча борбору жөнүндө жободо:

- 8-пунктунда:

"а" пунктчасында:

- бешинчи - жетинчи абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- башка мамлекеттердин эл аралык, региондук жана улуттук стандарттарын, башка мамлекеттердин региондук жыйнактарын, эрежелерин жана эрежелеринин жыйнактарын, башка мамлекеттердин региондук классификаторлорун (анын ичинде мамлекеттер аралык) жана улуттук классификаторлорун стандартташтыруу боюнча улуттук документтер катары кабыл алуу методдорун белгилөө;

- улуттук стандарттарды, алдын ала улуттук стандарттарды, мамлекеттик классификаторлорду, эрежелерди жана стандартташтыруу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу (өзгөртүү, актуалдаштыруу) программаларын түзүү жана бекитүү;

- улуттук стандарттарды, алдын ала улуттук стандарттарды, мамлекеттик классификаторлорду, эрежелерди жана стандартташтыруу боюнча сунуштамаларды белгиленген тартипте бекитүү жана жокко чыгаруу;";

- он экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- улуттук стандарттарды, эрежелерди стандартташтыруу боюнча сунуштамаларды, эл аралык жана региондук стандарттарды, башка өлкөлөрдүн улуттук стандарттарын жана алдын ала улуттук стандарттарды, мамлекеттик классификаторлорду, региондук классификаторлорду (анын ичинде мамлекеттер аралык), ошондой эле башка мамлекеттердин улуттук классификаторлорун эсепке алуу жана кызыкдар жактар үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо;";

- төмөнкүдөй мазмундагы он бешинчи - жыйырма биринчи абзацтар менен толукталсын:

"- башка мамлекеттердин эл аралык, региондук стандарттарын (анын ичинде мамлекеттер аралык) жана улуттук стандарттарын, башка мамлекеттердин региондук жыйнактарын, эрежелерин жана эрежелеринин жыйнактарын, башка мамлекеттердин региондук классификаторлорун (анын ичинде мамлекеттер аралык) жана улуттук классификаторлорун Кыргыз Республикасынын стандартташтыруу боюнча улуттук документтери катары кабыл алуу;

- Кыргыз Республикасы иштеп чыгууга катышкан мамлекеттер аралык стандарттарды иштеп чыгуу программаларын түзүүгө жана ишке ашырууга катышуу жана Евразия экономикалык бирлигинин техникалык регламенттеринин талаптарынын сакталышын камсыздоо максатында улуттук стандарттарды мамлекеттер аралык стандарттарга ылайыктап кайра иштеп чыгууну уюштуруу;

- продукциялардын каталогдук баракчаларынын формаларын, аларды толтуруу, берүү жана каттоо эрежелерин белгилөө;

- продукциялардын каталогун түзүү боюнча мамлекеттик системаны өнүктүрүү боюнча иштерди координациялоо жана продукциялардын каталогдук баракчаларын каттоо жана экспертиза жүргүзүү боюнча иштерди уюштуруу;

- улуттук стандарттарды, алдын ала улуттук стандарттарды жана мамлекеттик классификаторлорду иштеп чыгуу, макулдашуу, эсепке алуу, бекитүү, экспертиза жүргүзүү, өзгөртүү, жокко чыгаруу жана ишке киргизүү тартибин белгилөө;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипке ылайык техникалык-экономикалык жана социалдык маалыматты, мамлекеттик классификаторлордун, статистикалык классификаторлордун, региондук классификаторлордун, мамлекеттер аралык классификаторлордун, жүргүзүүгө тийиш болгон башка мамлекеттердин улуттук классификаторлорунун тизмесин, ошондой эле классификаторлорду иштеп чыккан, жүргүзгөн, актуалдаштырган жана колдонгон Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана административдик ведомстволорунун тизмесин классификациялоо жана код коюу системасын өнүктүрүү жана колдонуу боюнча иштерди ведомстволор аралык координациялоо;

- транспорт каражаттарын даярдап чыгаруучуларга эл аралык идентификациялык код (VIN/WMI) ыйгаруу;";

- "г" пунктчасынын экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипке ылайык техникалык Регламенттердин жана стандарттардын улуттук маалыматтык фондун (мындан ары — фонд) түзүү жана жүргүзүү, техникалык регламенттерди, стандартташтыруу боюнча документтерди жана фонддун маалыматтык продукцияларын чыгаруу, жайылтуу жана пайдалануучуларды алар менен камсыздоо.".

**2.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

***Бишкек шаары, 2020-жылдын 20-майы, №264***

■ Ойлогон ойду кыстаган кырдаал жеңип...

# ПАНДЕМИЯ ВИРТУАЛДУУ БААРЛАШУУГА МАЖБУР КЫЛУУДА

***Коронавирус пандемиясынын айынан эл аралык маанидеги маселелерди онлайн-режимде аралыктан талкуулоо дүйнөдө кеңири колдонула баштады. Эске салсак, пандемияга байланыштуу кырдаалды 26-мартта "Чоң жыйырмалыктын" (G20) лидерлери, 12-майда КМШга жана ШКУга мүчө мамлекеттердин тышкы иштер министрлери, 18-майда Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо ассамблеясынын 73-сессиясында 194 өлкөнүн өкүлдөрү кызуу талкуулашты. Ал эми 19-майда Борбор Азия өлкөлөрүнүн айыл чарба министрлери Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк жана айыл чарба уюму, Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы, Эл аралык айыл чарбаны өнүктүрүү фонду, Ислам өнүктүрүү банкы жана Бүткүл дүйнөлүк банктын эксперттеринин катышуусунда виртуалдык кеңешме өткөрүштү. Ушул эле күнү Жогорку Евразиялык экономикалык кеңештин кезектеги жыйыны да Беларусь Республикасынын төрагалыгында ушундай форматта өтүп, ага Президенттер Сооронбай Жээнбеков (Кыргызстан), Александр Лукашенко (Беларусь), Касым-Жомарт Токаев (Казакстан), Владимир Путин (Россия), Игорь Додон (Молдова) жана Армениянын Премьер-министри Никол Пашинян катышышты.***

Белоруссиянын Президенти Александр Лукашенко ачкан виртуалдык саммиттин күн тартибинде он маселе каралып, алардын ичинде мамлекет башчылар ЕАЭБ алкагындагы макроэкономикалык саясаттын, бирикменин эл аралык ишмердигинин негизги багыттарын, Евразиялык экономикалык комиссиянын трансчекаралык рыноктордогу атаандаштык жөнүндө жылдык отчётун, ошондой эле 2025-жылга чейинки келечекте евразиялык интеграцияны өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын талкуулашты.

"Коронавирус пандемиясынын шартында экономиканы алсыроодон куткарып калууга үлкөн державалардын да туруштук берүүчү кудурети жок болуп чыкты. Чек аралар жабылып, ишканалардын иши үзгүлтүккө учураган шартта улуттук экономикаларды төмөндөөдөн узакка сактап туруу мүмкүн эмес", - деп айтты Александр Лукашенко.

"Беш жылдан ашык убакыттан бери иштеп жаткан ЕАЭБ биздин мамлекеттерге сезилээрлик пайдасын тийгизе алды, ошондой эле улуттук экономикаларды өнүктүрүү, жарандарыбыздын жашоо деңгээлин жогорулатуу боюнча маанилүү маселелерди чечүүгө өбөлгө болууда. Бул жыйынга карата даярдалган 2025-жылга чейинки келечекте евразиялык интеграцияны өнүктүрүүнүн стратегиясынын долбоору "бешиликтин" алкагында мындан ары ар тараптуу кызматташууну тереңдетүүгө багытталган", - деп айтты Россиянын Президенти Владимир Путин.

"Биздин өлкөлөрдө азык-түлүк коопсуздугун, биринчи зарылдыктагы товарларды, жана башка маанилүү продукцияларды чыгарууну камсыздоочу жаңы өндүрүштүк кубаттуулуктар түзүлүшү керек", - деген Владимир Путин жаңы стратегия ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташуусун кеңейтүүнү камтыйт деп кошумчалады. Айтымында, стратегия Евразиялык экономикалык бирликтин жакынкы жана орто мөөнөттөгү келечектеги багытын аныктаган масштабдуу документ болуп эсептелет. Аны кабыл алуу интеграцияны тереңдетүүгө, биздин экономикаларды мындан ары жакындаштырууга жана кызматташуунун багыттарын кеңейтүүгө ишенимдүү негиз түзөт.

Бул боюнча өз пикирин билдирген Кыргызстандын Президенти Сооронбай Жээнбеков "Евразиялык интеграцияны 2025-жылга чейин өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарынын" долбоорун жеткире иштеп чыгуу керектигин баса белгиледи.

Ушундай эле көз карашты карманган Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев документте көрсөтүлгөн айрым сунуштарды "ашепке чапкандык" деди. Айтымында, Стратегияда өкмөттөр менен парламенттердин суверендүү укуктарын чектеген жагдайлар бар.

Жыйынтыгында Стратегиялык документтин долбоорун виртуалдык жыйындын катышуучулары жалпысынан жактырып, бирок айрым жоболорун ийине жеткире иштеп чыгуу менен ушул жылдын октябрь-ноябрь айларында Минскиде көзмө-көз өткөрүү пландалып жаткан кезектеги жыйында кабыл алууну макулдашышты.

Эми виртуалдык жыйындар боюнча маалыматыбызды толуктасак, 21-майда Борбор Азия өлкөлөрү жана Россиянын тышкы иштер министрлеринин орун басарларынын баарлашуусу да видеоконференция форматында өтүп, Россия, Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Түркмөнстандын өкүлдөрү Борбор Азия өлкөлөрү жана Россиянын өкүлдөрү 9-10-июнда Москвада өтүүчү тышкы иштер министрлеринин III жолугушуусунун күн тартиби боюнча пикир алмашышты, ошондой эле Афганистандагы кырдаалды, соода-экономикалык жана регионалдык кызматташуунун актуалдуу багыттарын, коронавирус пандемиясынын кесепеттерине каршы өз ара биргелешкен аракеттерди координациялоо маселелерин талкуулашты.

26-майда Жамааттык коопсуздук боюнча келишим уюмунун (ЖККУ) тышкы иштер министрлер кеңешинин видеоконференция режиминде өткөн кезектеги жыйынына Россиянын тышкы иштер министри Сергей Лавров төрагалык кылды. Учурдагы эл аралык, регионалдык кырдаалдарды жана алардын ЖККУга мүчө мамлекеттердин коопсуздугуна тийгизип жаткан таасири талкууланган бул жыйынга уюмдун башкы катчысы Станислав Зась катышты.

Кошумчаласак, бүгүн 29-майда КМШ өлкөлөрүнүн өкмөт башчылары коронавирус инфекциясы менен күрөшүү жана анын кесепеттерин жоюу маселеси боюнча виртуалдык жыйын өткөргөнү турушат.

Ал эми үстүбүздөгү жылдын 22-23-июлунда Санкт-Петербург шаарында Шанхай кызматташуу уюмуна мүчө мамлекет башчыларынын кезектеги саммити, 16-октябрда Ташкентте КМШнын мамлекет башчылар кеңешинин жыйыны өтөт.

**Атай АЛТЫМЫШЕВ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫНЫН БОШ КАЛГАН МАНДАТЫН ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

